*УДК 82/820(575.2)*

***А.Т. Аламанова***
*К.Карасаев атындагы БГУнун аспиранты*

# ЖАПАРКУЛ ТОКТОНАЛИЕВДИН "ХАН ОРМОН" ТАРЫХЫЙ РОМАНЫНДА ФОЛЬКЛОРДУК МОТИВДЕРДИН ОРУН АЛЫШЫ

***Аннотация.*** *Берилген макалада Жапаркул Токтоналиевдин 19-кылымда Кокон хандыгы, Цинь империясы жана Орус падышачылыгынын кысымына, Ормон хан башында турган кыргыздардын көз карандысыздыгын сактоого жасаган кыймылын чагылдырган "Хан Ормон" (2005-ж.) тарыхый романындагы Калыгулдун насааттары жана дидактикалык чыгармалар концепциясынын орун алышы каралат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Кыргыз тарыхый роман, дидактикалык чыгарма, Калыгул, фольклордук мотив, уламыш, үрп-адат, каада-салт.*

***Аннотация.*** *В данной статье рассматривается расположение наставлений Калыгула и концепции дидактических произведений в историческом романе «Хан Ормон» (2005 г.) Жапаркула Токтоналиева, отражающий действия направленные против притеснений Кокандского ханства, Циньской империи и Царской России и сохранения независимости кыргызов в 19 веке во главе с Ормон ханом.*

***Ключевые слова:*** *Кыргызский исторический роман, дидактические произведения, Калыгул, фольклорный мотив, предание, обычай, обряд.*

*This article describes placing of Kalygula's teachings and concepts of didactic works in the historical novel "Khan Ormon" (2005) by Zhaparkul Toktonalieva, reflecting actions against the harassment of the Kokand Khanate, the Qing Dynasty, and Tsarist Russia and preservation of Kyrgyz independence in the 19th century led by Khan Ormon.*

***Keywords:*** *Kyrgyz historic novel, concepts of didactic, Kalygul, folk motive, legend, custom, ritual.*

Кыргыз фольклорун таануу менен бирге, биз кыргыз элинин үрп-адаты, каада-салты, байыртадан калыптанып келген маданияты менен таанышабыз, ошол ата-бабалар оозеки түрдө аздектеп сактап келген маданиятыбыздын түпкүрүн таанубай туруп алдыга умтулуу караңгылыкта жол издөөгө барабар. Ылдамдык менен жаңыланган коомдо "түбү бекем эл" гана сакталып калаары закон ченемдүү көрүнүш, мындай заманбап доордун – жаштарына "фольклор" тууралуу маалымат берүүдө эң жөнөкөй методдордун бири бул адабий көркөм чыгармаларда фольклордук жанрларды көркөм чагылдырып берүү. Мына ушундай чыгармалардын катарында кыргыз тарыхый романдары да популярдуулугун эч жоготпой, доордун кайсыл гана учуру болбосун, агымына жараша, эскирбестен улам жаңы күч алып окурмандардын жан дүйнөсүнөн табылгыс түнөк таап келүүдө.

Кыргыз фольклору кыргыз маданиятын чагылдыруудан сырткары анын турмуштук – тарбиялык мааниси жагынан өтө терең келгендиктен, аны чыгармада баяндоо өтө чоң кылдаттыкты талап кылаары шексиз, мындай профессионалдуулукту Ж.Токтоналиев "Хан Ормон" тарыхый романында жеткиликтүү бере алган. Тарыхый роман жараткан чыгармачыл инсан көпчүлүк учурда "фольклордук мотивтерди" колдонуп, анын натыйжасында архивтик материалдарга көркөм адабий түр кошуп, берейин деген ойун толук чагылдырууга жетишет. Автор романдын сюжеттик образын ачууда архивдик материалдардан сырткары өткөн доордун белгилүү болгон, алгачкы кыргыз сөз усталарынын бири нускоочу, ойчул акын Калыгулдун фольклордук мурастарына жана дидактикалык чыгармалар жыйнагына кайрылган. Негизинен "санат, насыят ырлары лирикалык жанрдын башка түрлөрүнө караганда философиялык ой жүгүртүүлөрү менен айрымаланат, мында нускалык (дидактика) үгүт, үлгү ойлор күчтүү жана кеңири берилет",[1:214-б.] мындай философиялык ой жүгүртүүнүн өзөгүн Калыгул олуянын чыгармаларынан кеңири кездештирүүгө болот. Тарых барактары эскерткендей хан Ормондун доорунда Калыгулдун коомдогу ээлеген орду, аткарган кызматы жөнүндө эл арасында калыстыгы, көрөгөч олуялыгы менен атагы чыгып өзгөчө кадыр-баркка ээ болгон. Эл ичинде "Кат алышып барышчу, Оруска кабар салышчу, Элчилери бар экен, Ушунун баарын эптеген Калыгулдун кеби экен"-деген уламыш-аңыздарга таянсак тарыхчы Б.Солтоноев "Калыгул Ормон кандын жардамчысы болгон"-десе, А.Акматалиев мындагы "жардамчы"-деген сөздү уруу башчысынын калк башкаруу ишине түздөн-түз көмөк көрсөткөн, кандайдыр мансаптык милдетти аткарган маанисинде эмес, акылчысы, орчундуу мааниге ээ иштерде кеңеш берген адам маңызында колдонсо керек" [4:160-б.]-деп түшүндүрмө берген. Чындыгында "Ка-

лыгул атайын көлөмдүү чыгарма аракетин көрбөстөн, өз сөздөрүн эл арасында акыл-насаат, кеңеш берүү максатында, ыгы келген учурларда гана, макал-лакап, учкул сөз, чулу ой камтыган сүйлөмдөр, куплет, же чакан ыр түрмөгү – масел түрүндө үзүндү-үзүндү формасында айткандыктан...” [4:39-б.] аларды Ж.Токтоналиевдин тарыхый романында да кыска үзүндү-үзүндү түрүндө кездештиребиз. Чыгармада Калыгул олуя – Кокон ордосунда Нарбото бийден калган нарк бузулуп, кичүү энеси, Омор хандын токолу менен сына кылган Мадали хандын абийири төгүлүп, Бухар эмири Насрулла шариат жолунан чыккан бузуку Мадали ханды кудай атынан жазалайм деп Кокондү чапканга азирленип турган кезин Боронбай бийге кеп салып, “Ханды Кудай урарда, Каада унутуп мас болот. Кылган иши пас болот. Абийири төгүлүп, Калкы менен кас болот”, -деген экен ойлуу бараткан Калыгул, мындай масел сөздөр мындан бир жарым кылым мурда айтылган кеп болгон болсо да, алардын мааниси жагынан биздин заманыбыздын кай бир учурларына да туура келген сыңар.

Романдын “Хан көтөрүү” бөлүмүндө: “Жакшы болсоң, жердей бол, Баарын чыдап көтөргөн. Таза болсоң суудай бол, Баарын жууп кетирген. Ырыс алды ынтымак, Ынтымагын болбосо, Алдыңдан таяр алтын так” [2:98-б.] -деп берилген, Калыгулдун куплет ырлары–учкул сөздөр, акылман ойлор, фразеологиялык афоризмдер, макал-лакаптар менен азыктанып көлөмдүү формаларды жаратат да “...лексикалык мааниси жагынан бири-бирине табигый жактан айкалышып, элдик философияны алып жүрөт” [1:214.]. Автор бул өңдүү фольклордук мотивдеги мааниге ээ болгон насилдин негизинде, эл башкарган эрендер чыдамкай, ички-сырткы дүйнөсү төп келишкен таза, эл ынтымагын чыңдаган эр-азаматтардан болушун чыгарманын негизинде дагы бир ирет баса белгилеп, өткөн доордо болобу, заманбап учурда болобу Калыгулдун насили үлгү катары актуалдуулугун жоготпой келгендигин көрсөтөт. Мындан сырткары Калыгулдун өмүр жолу Ормон хандын дооруна дал келгендиги, Ж.Токтоналиевдин жараткан романына – тарыхыйлык принцибин берүүдө аз да болсо өз салымын кошуп, өтө чоң роль ойногондугун чыгарманын жүрүшүндө байкоого болот.

Калыгулдун насилдери фольклордук мотивде болгон күндө да, чыгармачылыгынын маани-маңызында “коомдук аң-сезим, элдин турмушу, анын социалдык-саясий, экономикалык абалы, моралдык-этикалык түшүнүктөрү жөнүндөгү системалуу ойлор” [3:39-б.] мүнөздүү келип, аны акылман көрөгөч олуя катары таанытып, доордун алмашуусу менен күчүнө кирип иш-жүзүндө тастыкталып жаткандай ой калтырат. Тарыхый романда Калыгулдун насили “Жылдан жылга замана, Кыйын болот ошондо. Эсеп кылып мал алган, Тыйын чыгат ошондо. Андан кийин билимдүү, Адам чыгат деп уктум. Түрдүү-түрдүү акылдуу, Аяр чыгат деп уктум. Калайыкты бийлеген, Аял чыгат деп уктум... Минген атын карасаң, Жорго болот деп уктум. От араба дилгирем, Жол кыскарат ошондо. Этек-жеңи чолоюп, Тон кыскарат ошондо. Атасынын сөзүнө, Бала кулак көп салбайт... Ошол жакшы биз жаман, Кийин келет бир заман. Биз жашаган тар заман, Кийин келер зар заман. Кыйкырыгы бел ашпай, Үн кыскарган бир заман. Кылса жумуш бүтпөгөн, Күн кыскарган бир заман...” [2:59-60-б.]-деп берилиши, хан Ормондун заманында айтылгандыгына карабастан, мында бүгүнкү элдин кулк-мүнөзүндөгү жакшы-жаман касиеттери, жүрүм-турум сыяктуу моралдык-этикалык проблемалары чагылдырылгандыгын даана байкоого болот. Чындыгында ар бир доор адабият чыгармаларына өзүнүн позициясынан туруп баа берет анда “социалдык-экономикалык формациялар бирин экинчиси алмаштырып отурган сайын, анын идеологиясы да алмашып, өзгөрүп, көркөм мураска болгон мамиле да, аларды интерпретациялоо, түшүндүрмө берүү иши да доордун саясий-идеологиялык, социалдык-маданий алкагында жүргүзүлөт” [3:42-б.].

Мындан сырткары, тарыхый романдагы фольклордук мотив көркөмдүк кыймылы жагынан, жөнөкөй жана түшүнүктүү келип, ар бир окурмандын аң-сезимине жеткиликтүү жооп берген, себеби чыгарманын ар бир берилген эпизодторунда каармандардын берейин деген ойу дидактикалык чыгармалар менен шөкөтөлүп көркөм баяндалган. Чыгармадагы “Көңүл кушун издөө”, “Ар кимдин өз ырыскысы бар” аттуу бөлүмүндө казактын улуу жузүндөгү айтылуу Мендибайдын кызы Уулбала “бел куда” күйөөсү Сарсен султандын уулун чанып, эркек кийимин кийип, кыргыздын мыктысына тием деп качып чыкандыгы баяндалат. Ал кызды аң улоодон келатып, ашуу түбүнөн жолуктурган Алыбек, үйүнө алып келет. Чыгарма, андан ары Кулжалуу төргө түнөй ууга чыгып, таң саарында кийик оттомдо Чубатуудан кийик атып олжолуу болушкан беш-алты атчан коктунун оозундагы айылга жакындап келгендигин айтат. “Ат адамдын канаты” демекчи, бул жерде автор кыргыз ичинде төбөсү көрүнүп баатыр аталып калган Ормондун образын берүүдө, бирин-бири толукталып турган, анын минген атынын өзгөчө сулуулугун фольклордук терминдер менен сүрөттөлүшү, төп келишкендей байкалат “Зээри бийик, соорусу жайык, чаткаягы кенен, жалдуу чоң тору ат минген кең далылуу, олбурлуу киши обочо бастырууда, башында кара кыймалуу ак калпак. Боз пиязы чепкенинин арткы этеги чоң торунун соорусун жаба, өңүр этектери тизе алдына камтылган, асынганы шыйрактуу мылтык. Төшүн жаба жайкалган кара сакалы, сыпаа серпилген узун муруту, дөңүрөөк кырдач мурун, жаактуу кара сур жүзүнө төп келе бул зор кишинин турпатына өзгөчө сур берип тургансыйт. Ат тизгинин тыкан кармай, оң билегине булдурсун камчынын бүлдүргөсүн иле, эч кимге үн катпай өзгөчө ойлуу баратат” [2:45-б.]. Айылга жакындаганда Алыбек Ормонго жандай бастырып, үйүнө кайрылып кымыз ичип суусундарын кандырып кетүүсүн өтүнөт. Атчандар Алыбектин тогуз канат ак үйүнүн жанына түшүшүп, аттары кермеге байланган соң үй-ээсинин коштоосунда өргөгө киришет. Үй ичи салттагыдай жасалгаланып, төрдөгү килем жабылган такта үстүнө үч кертим жүк жыйылып, үстүнө ак жаздыктар коюлган. Ак жоолугун оңдой салына, кара кемсел жашыл көйнөгүнүн этеги көйкөлгөн Алыбектин аялы ордунан тура төргө көлдөлөң салды... Дасторкон жайлып кымыз, куурдак тартылат, ошол жерден Ормон менен казак кызы Уулбала бирин-бири көрүп, жактырышып калышат. Ормон аттанаарда Алыбектен кызды ага аялдыкка берүүсүн суранат, ал эми көрүндүгүнө, сүйүнчүсүнө каалаганыңды ал дейт. Тарыхый романда

автор тарыхый окуялардын доорун гана көрсөтүп тим болбостон, тарыхый инсандардын портрети аркылуу анын психологиясын, көз карашын, жүрүм-турумун кошо чагылдырган. Мындан сырткары Ормондун айланасында болуп жаткан кыймыл-аракеттердин натыйжасында жалпы элдин ошол мезгилдеги жашоо турмушун, оокат-тиричилигин, жада калса калктын каада-салтын, үрп-адатын чагылдырууда да историзим принциптери так сакталып, кыргыз фольклордук мотивдерди профессионалдуулук менен колдонгон.

Жашоо башатына жаңыдан кадам шилтеген он алты жаштагы Уулбала ата-эненин эркинен мойноп чыгып, казак-кыргыз ичинде илгертен болуп көрбөгөн жоругу менен күйөө издеп качып чыккан жосунун жазуучу "Кызыл кызыл кыялар, Кыргый талга уялар. Акыр заман болоордо, Такыясын колго алып, Кыз күйөөсүн кубалар" [2:46-б.]-деп, Калыгулдун маселине тууралап, кыз баланын тартынбай күйөө издеп чыгышы, кандай учур болсо да тарбиялык жактан туура эмес жоосун экендигин белгилеген. Бирок ошол эле учурда тарыхый инсан Ормон баатырдын хандык беделине шек келтирбес үчүн "Аял затынан чыккан көй кашка го."-деп, Уулбаланы аялуу арзуусуна төп келген-бийик адамгерчиликти издеп тапты деген. "Коомдун прогресси жана элдин психологиялык менталитетинин эвалюциясы кайсы элдин болбосун традицияларына өзгөрүүлөрдү, жаңылануулдарды алып келет" [1:109-б.]. Бирок буга карбастан Ж.Токтоналиев, фольклордук мотивдин негизинде тарыхыбызда жазылып, күнү бүгүн эл арсында аткарылып, сакталып келген каада-салтыбыздын бири "үйлөнүү" шартын, баштапкы калыбында көркөм сүрөттөөгө жетишкендигин төмөнкү саптардан улам көрө алабыз. "Атайы көтөрүлгөн аземдүү ак өргөнүн эпчи капшытына тартылган ак көшөгөдө бүркөнчүктүү шөкүлөчөн, көк макмал кемсели боюна кынала, кош этек ак көйнөгү сыңар тизесин жаба көйкөлүп, колукту отурат. Жанында көптү көрүп тиш каккан кадырман жеңе кыздын беш-бештен эки жагына өрүлгөн кара чачтарын сылай эркелете" [2:47-б.]. Өргөгө Ормон кирип келиндин "бет ачары" деп чөнтөгүнөн бир тай туяк жамбыны жеңесине карматат да, жан чөнтөгүнөн бир ууч күмүш теңге алып чыгып, Уулбаланын шөкүлөсүнүн төбөсүнөн ылдый чачып жиберип, бүркөнчүктү серпе сала, кыздын чырайына маашырлана жылмайды... кыз-келиндер өз ара күмүш тыйындарды терип, эшиктен "Кыз ойготоор" күүсү угулуп көңүлдү терметти. Дасторкон жайылып дүрдүйүм даам коюлду, ошондо Ормон Улбалага: "-Кандай дейсиз, үй ээси, казактын "Айдын" көлүнөн учкан ак куу "Ысык-Көлгө" эмес башка көлгө консо, мындай насип татат белеңиз, асмандагы тоодак менен өрдөктү атайын сизге арнап аттырып келдик,-деди, астыртан назар сала. Уулбала ыраазылыгын билдирип, Алла Таала буйруган ырыскыны ар ким кайда болсо да даам татаарын айтат. Буга ормое караган Ормонго Уулбала "конок койдон жоош" эп көрсөңүз эртегиден бир икая айтып берейин деп жумшартат.

"Аракет кылсаң – береке" демекчи бул жерде автор окуянын ичинен жомок айтууга шарт түзүп, эмгекти сүйгөн ар бир адам, кандай гана жашоо шартына туш келбесин кыйынчылыктарды жеңе билет десе, экинчи жагынан ар бир пенде жаралган учурга чейин эле, алдын ала буйруп жазып койгон тагдыры, ырыскысы бар деп, адамдык акыл эстен жогору турган кыймылдаткыч күчтүн бар экендигине окурманды дагы бир ирет ынандыргысы келет. Окуяда бир Падыша өзүнүн көлдүү, суу бүркүп чачыратмалуу чарбагында, көрөр көз кичүү аялы менен дүйүм даам татып, көңүл кушун таптай бактылуу отурганда, падыша асманда учуп бараткан өрдөктөрдү көрүп, жигиттерине – өрдөктөр кайда консо да атып келип падыша айымга кебеб жасап келүүсүн буйрат. Адис мергендер өрдөктөрдү атып, кебеб жасап келип, падыша айымдын алдына коюшат. Мындай сөөлөткө курсант болгон падышанын көөмөйүнө адамдык манчыркоо толуп, аялына "кандай дейсиң, сен менин аялым болгон үчүн асманда учуп бараткан канаттуунун кебабын татып отурасың"-дейт. Анда аялы падышанын аялы болгондугуна бактылуулугун айтып, бирок ар ким маңдайына бүткөн ырыскысын кайда болсо да татаарын айтат, мындай жоопту күтпөгөн падыша намысы кайнап, кекерлүү үн менен андай болсо ырыскыңды өзүң таап же деп, аялына талак берет. Падыша сарайынан чыккан Салима айым шаардын көчөлөрүн арта, акыл калчап сабырлуу кетип баратты. Тар көчөлөрдүн биринде, сынып жерде жаткан эски эшиктин алдында бети-баштары жуулбаган, чачтары өскөн эки бала ойноп отурат. Аларга жакын келип ысымдарын сурап, Сеит азанкечтин балдары экендигин билет. Балдардан үйүнө кирип бешим намазын окуп алууну суранат, короосу жыйналбаган, эски тамга кирсе, чачы саксайып жоолугунан чыккан, кийими кир аял жыртык төшөк үстүндө отурат. Саламдашып, намаз окуп алууга уркусат алат. Намаз акырында, аялдын берген уруксаты үчүн үйүн жыйнап берет, бейтааныш аялдын илбериңки аракетинен үйдүн ичи жарык болуп, кеңейе түшкөнсүгөнүн байкаган үй ээси, Салимага күндө келип иштеп берүүсүн сураганда, Салима айым аялдын үйдө калып кызматын жасап берүүгө макул болот. Аял, күйөөсү таң азанда эшегин минип мечиттин жанынан өткөндүгү үчүн "Сеит азанкеч" деген лакап атка конгонун айтып, ал токойдон отун терип базарга соодалап акчасына ун алып келерин айтат. Салима айым аялды балдары менен кошо жуунтуп, казан-аягын иреттеген соң аялдын жанына отуруп, өзү башка шаардан келгенин, бул шаарда иши бүткөнчө болорун айтып түшүндүрөт. Күн бата баштаган учурда көк эшегин минген Сеит азанкеч үйүнө кайтып келип, көргөн окуяга айраң-таң калат. Ошентип күндөр өтүп эмгек менен алп урушкан Салима айым күн бою жаны тынбайт. Үй ээлеринин, балдарынын кийим-кечелери жуулуп-жамалып бойлору тыңдалып, көңүлдөрү көтөрүлө жардамдашып, алдыдан жакшылык күтүп жашоого өтүшөт. Алынган унду сарамжал тамак жасап, ашканын чогултуп, дандырга нан жаап балдарды базарга чыгарып соода жүргүзүүгө үйрөтүп, оокатты тирдей баштайт. Жыйылган каражатка керектүү кездемелерди алып, келишимдүү сайма буюмдарды жасап базарга чыгып соодалашат. Үй-бүлөө жапа тырмак колунан келгенин иштеп, ынтымактуу жашоо өкүм сүрөт. Көп өтпөй киреше көбөйүп, жаңы курулган кенен үйгө киришти. Сеит азанкеч качырларга, төөлөргө жүк арта кербен куруп Багдадтан Мисирге, Шамга өтүп кадырлуу чоң соодагер болот. Байлыгы, мартабасы артып "Сеит мырза" атка конуп, анын аты падыша сарайында да оозго алына баштайт. Салима айым

Сеит байды, падышага жиберип шаардын четиндеги кооз жайдан жер бөлдүрүп алат да, чыгаан усталарды жалдап эки-үч жыл ичинде падышанын көлдүү чарбагына куюп койгондой окшош ажайып жайды салдырып бүтөт да падышаны мейманга чакыртат. Сеит байдын мейман сарайында, чабагында падышаны күтүү камылгасы көрүлөт, үй ээсинин коштоосунда имаратка кирген падышанын ичи тарый түшөт "Бул уятсыз соодагер мени менен атаандашууга өткөн экен да. Коё тур, мунун баарын өзүнө буздурамын. Жазасын колуна беремин"-деп ичинен кекенет да, Сеит байдан сураштырып, бул жайларды эжеси тейлеп курдурганын угат. Падыша дасторкондон даам татып отуруп "Атаа, көрчү тагдырдын кыйчалыштыгын, ушунун эжесиндей аялга үйлөнбөгөнүмдү карачы, андай болгондо мартабам мындан да жогору болмок экен"-деген ойго чөмүлөт. Аңгыча падыша серүүнгө чыгууну сунуш этип, Сеит бай, падыша менен чарбактуу көлүн бойлоп, фонтанга жакын чарпаяга отурушат, алдына өрдөктүн этинен жасалган кебаб коюлат аны ооз тийген падыша "...Мындан беш жыл илгери талак эткен аялым эсиме түштү, ошондон бери мындай кебаб жей элек элем"-деп оозун жыйнагыча, жарашыктуу кийими менен Салима айым таазим этип чыгат. Эч кимге ордунан туруп көрбөгөн падыша тура калып Салима айымды жанына отургузат. Ортодо эч нерсе болуп өтпөгөндөй жылуу мамиле менен Салима айым "-Кебабдан алыңыз, асмандагы өрдөктүн этинен жасалды. Сизге Алла Таала буюрган насип-ырыскыңыз"-дегенде, падыша "-Айым, бул сенин ырыскың. Мен сени менен ырыскылаш болуп отурганыма курсантмын. Мен пенделик менен текеберленген экемин. Орунсуз капа эткеним үчүн сенден да, Алла Тааладан да кечирим сураймын."-деген экен [2:48-49-50-51-52-б.].

Жогоруда келтирилген негиздерге ылайык Калыгулдун насааттары хан Ормондун тарыхый тагдырына айкалышы жана автор тарабынан фольклордук мотивдеги чыгармаларды кенен колдонушу, чыгарманын маанисин ачып көркөм чагылдырган. Жалпысынан алганда фольклордук мотив, чыгармага тарыхый баалуулук берип, көркөм сүрөттөөдө боёк кошуп, дидактикалык чыгармалар топтому образдарды ачууда табылгыс функция аткарат. Демек фольклордук мотивтерди кыргыз тарыхый романдар контексинде илимий-изилдөө дагы да болсо актуалдуулугун табат.

***Адабияттар***

1. *А.Акматалиевдин жалпы ред. астында Кыргыз адабиятынын тарыхы 1-том.-Б., 2004. 684-б.*
2. *Токтоналиев Ж. "Хан Ормон" тарыхый роман 1-китеп.- Б., 2005. 596-б.*
3. *Турдугулов А. Кыргыз классикасы.- Б., 2005. 368-б.*
4. *Мусаев С., Акматалиев А. Акылман Калыгул.- Б., 2000. 272-б.*